

Чет тилдер факультетинин профессору, филология илиминин доктору - **Кадырбекова Памира Кадырбековнанын** жетекчилиги астындагы **“Лингвистика жана маданият аралык коммуникация”** аттуу илимий мектеби.

Памира Кадырбекова Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин “Лингвистика” кафедрасынын профессору, филология илимдеринин доктору. Герман тил илимдери, маданият аралык баарлашуу, лингвокультурология жана прагмалингвистика боюнча адис.1990 жылы Москвадагы Морис Торез атындагы Лингвистика университетин бүтүрүп, 1991 жылы **10.02.04**.-”Герман тилдери” боюнча кандидаттык диссертациясын коргогон. Аталган университеттин “Филолог- изилдөөчү” дипломун алган.

1998 жылы Франкфурт Майндагы И.В.Гете атындагы университеттин докторантурасын аяктаган. Александр фон Гумбольдт атындагы эл аралык сыйлыктын ээси. Эл агартуунун отличниги, 2 томдук немис-кыргыз сөздүгүнүн автору жана авторлошу.

Кыргызстандагы Гумбольдт алюмни окумуштуулар Ассоциясынын президенти катары Германия, Россия жана Борбордук Азия окумуштууларды чакыруу менен жана Бонндогу Александр фон Гумбольдт атындагы фонддун колдоосу аркылуу эл аралык жана тармактар аралык конференцияларды өткөрүп турат.

Андан тышкары, Кадырбекова П. **“**10.02.20- тектештирме-тарыхый, типологиялык жана салыштырма тил милими” жана “тилдин теориясы” аттуу диссертациялык кеңештеринин мүчөсү. 90-дон ашуун илимий эмгектери, монографиялары жана окуу китептери жарык көргөн. Алардын басымдуу бөлүгү чет өлкөлөрдөн чыккан.**“Verbale Aspekte Deutsch-kirgisischer interkultureller Kommunikation“** (Немис жана кыргыз маданият аралык коммуникациясынын вербалдык аспекттери) аттуу монографиясы 2021 жылы штабквартирасы Бернде (Швейцария) жайгашкан эң ири эл аралык Peter Lang илимий басмаканасынын **“Европа вуздарынын илимий изилдөөлөрү”** аттуу сериясында жарык көргөн. **Peter Lang** басмаканасы -социалдык. жана гуманитардык багыттагы илимий макалаларды басып чыгарат. Бүгүнкү күндө бул басмаканаын филиалдары Берлинде, Брюсселде, Франкфурт Майнда, Нью-Йоркто, Оксфорддо жана Венада бар жана негизинен илимий эмгектерди англис, немис, жана француз тилдеринде гана басып чыгарат. Бул монографияда маданият аралык баарлашуунун вербалдык аспекттери жаңы илимий багыт - “лингвокультурология” парадигмасында каралган. Автор немис жана кыргыз элинин маданияттарын салыштырма негизде изилдеген. Кадырбекова П. Германиянын Франкфурт на Майнедеги Гете атындагы университет менен тыгыз байланышып, жыл сайын илимий изилдөө иштерин жүргүзүүдө.

Кадырбекованын илимий жетекчилигинин астында аспиранттардар жана докторанттар үзүрлүү эмгектенүүдө. Алардын бир нечеси илимий эмгектерин коргоп, окумуштуу даражага ээ болушту. Учурда ал чет тилдер факультетинде “Маданият аралык

коммуникациянын теориясы”, “Жалпы тил илими”, “немис тилинин тарыхы”, “Лексикология” аттуу лекцияларды окуйт. Анын жетекчилиги астында студенттер курстук жана дипломдук иштерди аткарышууда.

“2023 жылы Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин чет тилдер факультетинде **“Лингвистика жана маданият аралык коммуникация”** аттуу илимий мектеп ачып, ошонун алкагында көрүнүктүү окумуштуулар лекция окушат.

Илимий мектептин жетекчиси – чет тилдер факультетинин профессору, филология илиминин доктору -Кадырбекова Памира Кадырбековна.

Кадырбекова П.К. 1990 жылы Москва Лингвистика Университетинде Герман тиледри боюнча кандидаттык диссертациясын коргогон. Аталаган университеттин “Заслуженный исследователь” дипломун алган.! 998 жылы Германиянын Франкфурт шаарындагы Гете университетинин докторантурасын аяктаган.

**Илимий мектептин максаты :**

1. Илимий демилгелерди жайылтуу,жана коргоо;
2. Илимий мектептин эл аралык зоболосун калыптандыруу;
3. Эл аралык цитаттоо системасында илимий басылмалардын сапатын жогорулатуу.

**Илимий мектептин маселелери:**

- Тил илими жана маданият аралык коммуникация боюнча илимий лекция окуш үчүн белгилүү окумуштууларды чакыруу;

-университет аралык жана эл аралык тематикалык конференцияларды өткөрүү;

-университеттин илимий потенциясын көтөрүү, илимий салттуулукту түзүү, муундардын үзгүлтүксүз ишин улантуу;

-Жаңы илимий изилдөөлөрдү өнүктүрүү.

**Илимий мектептин алкагында төмөнкүдөй лекциялар болуп өттү:**

1. Илимий мектептин ачылыш күнү филология илимдеринин доктору, проф. **Дербишева З.К**. (Манас университети) **орус жана кыргыз тилдеринин призмасында универсалдык концепттер”** аттуу темада лекция окуган;

2. 2023 ж.21 июнда филология илимдеринин доктору, проф. **Тагаев М.Дж.** (Кыргыз-Орус Славян университети). Илимий докладдын темасы: **Лингвомаданий код -тилдерди аксиологиялык кароо катары.**
3. 2023г. 19 октябрында филология илимдеринин доктору проф. **Маразыков Т.С**. (Ж.Баласагын атындагы КУУ); илимий докладдын темасы: **Азыркы лингвистиканын маселелери**;
4. 2024 ж. 5 июнунда филология илимдеринин доктору, **проф. Кадырбекова П.К.** (Ж.Баласагын атындагы КУУ), илимий докладдын темасы: **«Тил илиминин заманбап маселели”**;
5. **2024** жылдын декабрында доцент **Бердибек Жумабаевдин** “**Кыргыз дүйнө таанымы”** аттуу илимий лекциясы пландаштырылган.

**“Лингвистика жана маданият аралык коммуникация”** илимий мектебине кош келиңиздер!

e-mail: pamirakadyrbekova@rambler.ru
0705 20 1117 -моб.
0552 75 50 32 -моб.